УДК 314.18:316.42:331.483:332.021.8(575.2)
DOI 10.35254/bsu/2024.68.08

***Мамытов А.С.,***
*экономика илим.канд.,доцент*
***Кыдырбаева И.А.,***
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*аспирант*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ДЕМОГРАФИЯЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ ЖАНА ФАКТОРЛОРУ

**Кыскача мазмуну**

Макалада Кыргызстандагы социалдык-демографиялык кырдаалдын өзгөчөлүктөрү каралат. Калктын өсүшү, төрөлүүнүн төмөндөшү, миграция, жаштар арасындагы жумушсуздук, саламаттыкты сактоо жана билим берүүгө жеткиликтүүлүк, этникалык теңсиздик көйгөйлөрүнүн тенденциялары талданат. Изилдөө статистикалык маалыматтарга жана социологиялык сурамжылоолорго негизделген. 2022-жылы жакырчылык 33,2%га жеткендиги аныкталды. Себептери - жумушсуздук, төмөн кирешелер, көз карандылык. Тышкы эмгек миграциясынын жогорку деңгээли белгиленет. Мигранттардын акча которуулары жашоо деңгээлин жогорулатат, бирок миграциянын терс кесепеттери бар. Өкмөт үй-бүлөлөрдү колдоо, билим берүү жана саламаттыкты сактоону өнүктүрүү, жумуш менен камсыздоону жогорулатуу программаларын кошуп, кырдаалды жакшыртуу боюнча чараларды көрүүдө, бирок жакырчылык, жумушсуздук, жогорку өлүм көйгөйлөрү андан ары чечүүнү талап кылат. Кыргызстандын демографиялык саясатын башка өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбасын эске алуу менен өркүндөтүү зарыл.

**Түйүндүү сөздөр:** төрөлүү, өлүм, миграция, жакырчылык, жумушсуздук, теңсиздик, этникалык айырмачылыктар, социалдык коргоо, жашоо деңгээли, демографиялык саясат.

***Мамытов А.С.,***
*канд.экон.наук.,доцент*
***Кыдырбаева И.А.,***
*БГУ им. К.Карасаева,*
*аспирант*

# ТЕНДЕНЦИИ И ФАКТОРЫ СОЦИАЛЬНО-ДЕМОГРАФИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Аннотация**

В статье рассматриваются особенности социально-демографической ситуации в Кыргызстане. Анализируются тенденции роста населения, снижения рождаемости, миграции, безработицы среди молодежи, проблем доступа к здравоохранению и образованию, этнического неравенства. Исследование основано на статистических данных и социологических опросах. Выявлен рост бедности, достигший 33,2% в 2022 году. Причины

- безработица, низкие доходы, иждивенчество. Отмечается высокая внешняя трудовая миграция. Денежные переводы мигрантов повышают уровень жизни, но миграция имеет негативные последствия. Правительство предпринимает меры по улучшению ситуации, включая программы поддержки семей, развития образования и здравоохранения, повышения занятости, но проблемы бедности, безработицы, высокой смертности требуют дальнейшего решения. Необходимо совершенствование демографической политики Кыргызстана с учетом передового опыта других стран.

**Ключевые слова:** рождаемость, смертность, миграция, бедность, безработица, неравенство, этнические различия, социальная защита, уровень жизни, демографическая политика.

***MamytovA.S.,***
*Candidate of Economics,*
*Associate Professor*
***Kydyrbaeva I.A.,***
*BSU after named K. Karasaev,*
*graduate student*

# TRENDS AND FACTORS OF SOCIO-DEMOGRAPHIC DEVELOPMENT OF THE KYRGYZ REPUBLIC


**Abstract**

This study deals with the peculiarities of the socio-demographic situation in Kyrgyzstan. It analyzes the trends of population growth, declining birth rate, migration, youth unemployment, problems of access to healthcare and education, and ethnic inequality. This study used statistical data and sociological surveys. This reveals an increase in poverty, reaching 33.2% by 2022. The reasons for this are unemployment, low incomes, and dependency. There is a high level of external labor migration. Remittances from migrants improve living standards; however, migration has negative consequences. The government is taking measures to improve the situation, including programs to support families, develop education and health care, and increase employment; however, the problems of poverty, unemployment, and high mortality require further solutions. Kyrgyzstan's demographic policy needs to be improved, considering the best practices of other countries.

**Keywords:** fertility, mortality, migration, poverty, unemployment, inequality, ethnic differences, social protection, standard of living, demographic policy.

Советтер Союзунун кулашы менен базар экономикасында кескин өзгөрүүлөр байкалып, ошол мезгилде Кыргыз Республикасынын калкынын жакырчылык деңгээлин кескин түрдө жогорулады. Алсак, Дүйнөлүк банктын техникалык колдоосу менен КР Улутстаткомитетинин жашоо деңгээлине биринчи жүргүзүлгөн мониторингинде калктын жакырчылык деңгээли 63,7% пайызды түзгөн [1, 319 б].

2018-жылы биздин өлкөдө жакырчылыктын деңгээли 22,4%, 2019 - жылы 20,1%, 2020-жылы 25,3%, 2021-жылы 33,3%, өткөн жылы 33,2% түзгөн. Акыркы көрсөткүч 2022-жылы 2,2 миллионго жакын жаран жакырчылыктын чегинен төмөн жашагандыгын көрсөтүп турат (Сүрөт 1).




Сүрөт 1. Кыргызстандын калкынын жакырчылык деңгээлинин динамикасы 2018-2022.

Жакырчылыктын себептерине токтолсок, респонденттер негизинен төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүшөт: үй-бүлөдө балдардын, же оорулууларды багуудагы адамдардын болушу, жумушунан айрылуу жана анын туруксуздугу, ден соолугунун начардыгы, пенсияга чыгуу алдындагы же пенсиялык курак, асоциалдык жүрүм-турум (алкоголизм же баңгизаттарды колдонуу). 2022-жылы жакырчылыктын чегинде 2 млн 333 миң адам жашаган, алардын 62,2% пайызы айылдык деңгээлдеги калктуу конуштардын тургундары болуп саналат. Алсак, 2022-жылы кедейчиликтин жалпы чегинин нарктык чоңдугу калктын жан башына жылына 52 903 сомду, эң азы - 34 916 сомду түздү.

Айыл жерлеринде жакырчылыктын деңгээли 0,7 пайыздык пунктка төмөндөдү, ал эми шаарларда, тескерисинче, 0,7 пайыздык пунктка көбөйдү. 2022-жылы өткөн жылга салыштырмалуу жакырчылыктын деңгээлинин өсүшү Баткен облусунда – 7,8 пайыздык пунктка, Жалал – Абад облусунда - 3,9, Нарын облусунда - 2,8 жана Талас облусунда - 0,4 пайыздык пунктка белгиленди. Муну менен катар Ысык - Көл облусунда - 6,9 пайыздык пунктка, Ош облусунда - 3,9 жана Чүй облусунда-0,9 пайыздык пунктка жакырчылыктын төмөндөшү белгиленди. Бишкек жана Ош шаарларында кедейчиликтин деңгээли тиешелүүлүгүнө жараша 0,1 жана 2,0 пайыздык пунктка төмөндөгөн. 2022-жылы өтө жакырчылыктын деңгээли жалпысынан республика боюнча 6,0% пайызды түздү, 420 миң адам өтө жакырчылыктын чегинде жашаган, алардын 65,5 пайызы айылдык калктуу конуштардын тургундары болгон.

Өтө жакырчылык Баткен облусунда - 6,4 пайыздык пунктка, Ош шаарында – 3,9 пайыздык пунктка, Жалал-Абад облусунда - 1,6, Чүй облусунда - 1,1 жана Ысык-Көл облусунда - 0,8 пайыздык пунктка көбөйгөн. Муну менен катар Бишкек шаарында – 5,6 пайыздык пунктка, Ош облусунда - 1,6, Нарын облусунда – 1,5 жана Талас облусунда – 0,4 пайыздык пунктка өтө жакырчылыктын төмөндөшү белгиленген [4].

Кыргызстандын көптөгөн жарандары экономикалык кыйынчылыктардан улам

чет өлкөгө же башка аймактарга акча табуу үчүн кетип жаткан миграция маселесин алып карасак, окууга байланыштуу, жумушка байланыштуу, мурунку жашаган жерине кайтып келүү, улуттар аралык мамилелердин курчушу, криминогендик кырдаалдын курчушу, экологиялык кемчилик, ден- соолук үчүн жагымсыз жаратылыш-климаттык шарттар, жарандын жеке кызыкчылыгы, үй-бүлөлүк мүнөздөгү себептер. Адамдардын көчүү чечими көптөгөн факторлордун жыйындысына негизделгени белгиленди, алардын ичинен негизгилери экономикалык, демографиялык жана саясий болуп саналат.

Бүгүнкү күндө социалдык жагдайлар, анын ичинде жаштар арасындагы жумушсуздуктун басымдуу деңгээлин жоюуу иретинде, саламаттык сактоодогу сапаттуу кызматтарга багытто жана билим алууга умтулуу үчүн жаштар арсында көптөгөн уюштруу иштери малекет тарабынан жүргүзүлүп келүүдө.

Азыркы учурдагы Кыргызстандын бийлиги калкка жагымдуу шарттарды жакшыртуу жана жарандарды социалдык коргоо, анын ичинде аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү колдоо программалары, билим берүүнү жана медицинаны өнүктүрүү, бакубат турмушта жашоо жана жумуш менен камсыз кылуу деңгээлин жогорулатуу боюнча жемиштүү иштерди алып барууда.

## КОРТУНДУ

Акыркы жылдары Кыргызстандын калкынын тышкы эмгек миграциясы олуттуу масштабга ээ болду. Эмгек миграциясы экономикалык өнүгүү темпине, төлөм балансынын абалына, калктын санынын өсүшүнө, мамлекеттер аралык мамилелерге олуттуу таасирин тийгизет. Жумушчу күчүн экспорттоо Кыргызстанга олуттуу валюталык кирешелерди алып келет. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн маалыматтары боюнча, эмгек миграциясынан түшкөн каражаттар чет өлкөлүк финансылык жардамдын өлчөмүнөн кыйла жогору. Кыргызстандагы социалдык-экономикалык абал көп жагынан эмгек мигранттарынын кирешесинен көз каранды. Тышкы эмгек миграциясы тышкы экономикалык иштин стандарттуу эмес багыты болуп саналат. Ал узак мөөнөттүү келечекте Кыргызстандын финансылык, эмгектик, социалдык чөйрөсүнө таасирин тийгизет. Эмгек миграциясы чөйрөсүндөгү кырдаалды талдоо азыркы тышкы эмгек миграциясы олуттуу масштабга ээ болду жана региондон келген эмгек миграциясынын агымынын негизги бөлүгүн кабыл алган Кыргызстандын жана Россиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө байкаларлык таасирин тийгизип жатат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Мигранттардын акча которуулары жашоо деңгээлин жогорулатууда, өлкөнүн калкынын кыйла бөлүгүнүн бакубаттуулугунун өсүшүндө маанилүү ролду ойнойт, алардын суммасы чет өлкөлүк финансылык жардамдын жана тике чет өлкөлүк инвестициялардын агымы менен салыштырууга болот.

Кыргыз Республикасынын социалдык-демографиялык өнүгүүсүн изилдөө айрым позитивдүү тенденцияларга карабастан чечүүнү талап кылган маселелерге төмөнкүлөр кирет: калктын өлүмү, өзгөчө наристе жана эне өлүмү, калктын, айрыкча аялдардын жогорку миграциясы, никелердин азайышынын жана ажырашуулардын деңгээлинин жогорулашынын тенденциясына таасир этүүчү, калктын, өзгөчө эмгекке жарамдуу курактагы эркектердин орточо жашоо узактыгынын салыштырмалуу төмөн деңгээли жана башкалар негизинен, саламаттык сактоонун өнүгүү деңгээлине көз каранды [6]. Демек Кыргыз Республикасынын калкынын позитивдүү өнүгүүсү мамлекеттен демографиялык саясатты позитивдүү тажрыйба боюнча артыкчылыктуу болгон айрым өлкөлөрдүн, анын ичинде Россиянын, ошону менен бирге өлкөнүн социалдык экономикалык өнүгүүсүн эске алуу менен деңгээлин көтөрүүнү талап кылат.

**Адабияттар**

1. Демографический ежегодник Кыргызской Республики. 2007-2015 гг. – Бишкек: Нацстатком КР, 2016. – 319 с.

2. Саякбаева, А. А. Потребности населения в социальной защите в период трансформации экономики / А. А. Саякбаева, К. А. Токторбаева // Научные стремления. – 2016. – № 17. – С. 96-103. – EDN YGDCVN..

3. Саякбаева, А.А. Некоторые аспекты социально-демографического развития Киргизской Республики и Нарынской и Чуйской областей / А.А. Саякбаева, А.Ж. Кенжекараева // Вестник РАЕН. – М., 2016. - № 1. – С. 105-110.

4. Саякбаева, А. А. Демографические особенности развития Кыргызстана и ее регионов / А. А. Саякбаева, М. А. Дженалиева, Д. К. Омуралиева // Евразийское Научное Объединение. – 2017. – Т. 2, № 1(23). – С. 134-137. – EDN XUXOPT.

5. Саякбаева, А.А. Социальная защита населения / А.А. Саякбаева. – Бишкек : КНУ им. Ж.Баласагына, 2006. – 226 с.

6. Уровень жизни населения Кыргызской Республики 2006-2015. – Бишкек: Нацстатком КР, 2016. [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/4ae00fed-f918-41f9-89d5-1112ba4e3e35.pdf (дата обращения 07.05.24г.)